# “Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын”

Сөзү: Азада Бегимкулованыкы.

Обону: Маматмуса Бакировдуку

Ат жалында шамалдай ойнобосо,

Ала-Тоого жүрөгү толгобосо,

Ата Журттун эртеңин ойлобосо,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.

Кылыч болуп душманга чабылбаса,

Сен дегенде селдей каптап агылбаса,

Жерин коргоп жарагын тагынбаса,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.

Бабалардын салтына багынбаса,

Кырк чилтенге сыйынып жалынбаса,

Имерилип тоолорун сагынбаса,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.

Калпак кийип башына эрденбесе,

Калк ишине билек түрүп шерденбесе,

Жети атасын сурасаң, "билбейм" десе,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.

Кыздарынын намысын коргобосо,

Абийир үчүн чеп болуп орнобосо,

Энесинин көз жашын ойлобосо,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.

Бири сымал көктө толгон жылдыздын,

Бири өңдүү суда сүзгөн кундуздун,

Көп ичинде баш калкалап күн көрсө,

Андай жигит мырзасы эмес кыргызымдын.